**БЕКИТЕМИН**

**Мектеп директору**

**Б.Акматов**

***М.Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин 2020-2021 окуу жылына түзүлгөн китепкананын иш – планы***

| № | Иш чаралардын аты | Иштин түрү | Ким атакарат |
|---|---|---|---|
| Сентябрь | | | |
| 1 | Жаны окуу жылына иш план түзүү | План | китепканачы |
| 2 | Отчет Д-10 | Форма Д-10 | китепканачы |
| 3 | Формуляр толтуруу | Китептердин формулярын толтуруу | Китепканачы Кл.жетекчилер |
| 4 | Рейд журналын түзүү | Эки жумада бир рейд жүргүзүү | китепканачы, |
| 5 | «Кыргыз тили- бай тил» , «Тил изгиси-дил күзгүсү» | Буклет чыгаруу | китепканачы |
| 6 | Композитор,обончу Ж.Шералиевге 105 жыл | Буклет чыгаруу | китепканачы |
| Октябрь | | | |
| 1 | Мугалимдер менен бирдикте окуу китептерине усулдук колдонмого буюртма даярдоо | Мугалимдерди методикалык китептер менен камсыздоо | Китепканачы мугалимдер |
| 2 | Жаны китептер менен тааныштыруу | Китеп көргөзмө | китепканачы |
| 3 | «Карысы бардын ырысы бар» Айылдагы кары адамдарга жардам | Айылдык кары адамдарга жардам берүү (фото отчет) | китепканачы кл.жетекчилер, жаш тимурчулар командасы |
| 4 | Акын драматург Э.Турсуновго 85 жыл | Буклет | китепканачы |
| 5 | Китептердин сакталышы | Рейд жүргүзүү | китепканачы |
| Ноябрь | | | |
| 1 | Биздин сүйүктүү акындар | Буклет чыгаруу | китепканачы |
| 2 | «Жаратылыш китептери бизде» | Китептер тууралу маалымат буклеттер | китепканачы |
| 3 | Жомок китептерге саякат | Китеп көргөзмө 1-4-класстар | китепканачы кл.жетекчилер |
| 4 | Акын жана прозаик О.Султановго 85 жыл | доклад | китепканачы |
| 5 | Китептин сакталышы | Рейд | китепканачы |
| Декабрь | | | |
| 1 | «СПИД кылым дарты» | Дубал газета | китепканачы |
| 2 | «Эн мыкты китеп окуучу класс» | Конкурс | Китепканачы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | Кл.жетекчилер |
| 3 | 12-декабрь « Кыргызстандын улуттук адабият күнү» | Буклеттер, китеп көргөзмө | китепканачы |
| 4 | Окуу китептерин текшерүү | Рейд | китепканачы |
| | | Февраль | |
| 1 | 23-февраль « Ата Мекенди коргоо күнү» | Буклет, дубал газета | китепканачы |
| 2 | Тазалык күнү | Китепкананы иретке келтирүү | китепканачы<br>окуучулар |
| 3 | Сынчы,прозаик, адабиятчы Ш.Үмүталиевдге 95 жыл | Буклет | китепканачы |
| 4 | Окуу китептерин текшерүү | Рейд жүргүзүү | китепканачы |
| | | Март | |
| 1 | «Эне тарбиясы- өмүрүндү жараткан суу» | Апалар жөнүндө дил баян | Китепканачы<br>Кл.жетекчилер |
| 2 | «Салам сага санжыралуу, Ноорузум!» | Стенд уюштруу | китепканачы |
| 3 | 5-март Ак калпак күнү | Буклет | Китепканачы<br>Кл.жетекчилер |
| 4 | Прозаик жана драматург М.Байжиевге 85 жыл | Доклад | китепканачы |
| 5 | Окуу китептерин текшерүү | Рейд | китепканачы |
| | | Апрель | |
| 1 | 2-апрель Эл аралык балдар китептеринин күнү | Китеп көргөзмө | китепканачы |
| 2 | 7-апрель «Кыргыз Эл баатырларын эскерүү» | Стенд уюштуруу | китепканачы |
| 3 | 23-апрель Бүткүл Дүйнөлүк китеп күнү | Китеп көргөзмө, айылдык китепканага саякат, «менин сүйүктүү китебим» (эссе жазуу) | Китепканачы<br>Кл жетекчилер |
| 4 | Манас- Кыргыз элинин, адамзаттын көөнөрбөс мурасы | Буклет стенд уюштуруу | китепканачы |
| 5 | Акын А.Осмоновго 105 жыл | Стенд уюштуруу | китепканачы |
| 6 | Окуу китептерин текшерүү | Рейд | китепканачы |
| | | Май | |
| 1 | Улуу Жеңиш майрамына 75 жыл | Стенд, буклет, доклад | китепканачы |
| 2 | «Бүгүнкү дүйнө, ага болгон менин көз карашым» | Дил баян жазуу<br>4-5-класстар | китепканачы |
| 3 | Кыргыз эл акыныС.Жусуевге 95 жыл | Буклет | китепканачы |
| 4 | Окуу китептерин жыйноо | Толук жыйнап алуу | китепканачы, кл.жетекчилер |

**Түзгөн китепканачы:** **Токтосунова Г**

**Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин китепканасынын 2021-2022-окуу жылы боюнча анализ**

Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин китепкана фондусунда жалпы: 10262 китеп бар, анын ичинде окуу китептери: 6994, адабий окуу китептери: 2048, методикалык колдонмо: 1220

Жыл башында китепкананын иш планы иштелип чыккан. Окуу жылынын башында окуучуларга китептер таратылды, китеп менен 1-4-класстарга-86%, 5-9-класстар-86%, 10-11-класстар-81%, жалпы: 1-11-класс-86% камсыз болушту.

Китептер боюнча райондук билим берүү бөлүмүнө Д-10 формасындагы отчет убагында берилди. Жыл башында китепканачынын иш-планы түзүлдү.

Жетишпеген китептер боюнча табыштама райондук билим берүү бөлүмүнө берилди. Мектепке келген китептер өз убагында алынып келинип мектептин фондусуна кириштелип жатат.

Мектеп ичинде китеп тазалыгы боюнча бир айда эки жолу рейд жүрүп турат.

5-6-класстарга келген аренда китептерге 25 сом өлчөмүндө акча чогултулуп банка төгүлдү.

«Эне тилим, эне сүтүм» буклет, доклад жасалды. Кыргыз тили бизге кандай кымбат, баалуу жана нарктуу экендигин окуучуларга жеткирүү максатында ар бир окуу жылында эне тили күнү белгиленип келет.

Октябрь айында «Мугалим мөмөлүү дарак» темасында дубал газета чыгарылды. Мугалим билим жада калса ата-энелик мээрим берип төгүп сабак берээрин билдирүү максатында жылда бул даталуу күн белгиленип келет.

Ар бир окуу жылында мектептин китепканасына келген жаңы китептерди көргөзмө кылып окуучуларга көргөзүп тааныштырып келебиз.

«Карысы бардын ырысы бар» айыл ичиндеги кары адамдарга биздин мектентин тимурчу балдары барып жардамдарын берип келишет. Айыл ичинде кары сакалдуу адамдарыбыз деле саналуу калгандыгына байланыштуу окуучулар жылда октябрь айында колдорунан келген жардамдарын беришет. Фото отчёт жасалат.

Окуу фестивалы «Керемет окуу» долбоору боюнча 1-4-калсстар арасында топ топко бөлүнүп алышып келген китептерди окуп талкуу кылышты. Фото отчёт түзүлдү.

Айылдык китепканага саякат ар бир окуу жылында айылыбыздын китепканасына окуучуларды алып барып китептер менен тааныштырып келебиз. Китепкананын жетекчиси Нуржан эже жаңы китептери менен тааныштырып балдарга китеп окуганга берип турат.

Китептин келип чыгышы, китептин тарыхы боюнча маалыматтарды топтоп буклет жасалат.

Жомок китептерге саякат темасында китеп көргөзмө уюштурулда. Бул көргөзмөдө китепканага келген жомок китептер менен тааныштыруу болду.

«Атам апам жана мен-окурман үй бүлөөбүз» «Керемет окуу» долбоору боюнча окуучулар ата-энелер менен бирдикте үйлөрүнөн китеп окушат. Ата-эне менен бала биргеликте жомок китеп окушуп анан кайра талкуу жүргүзүп маек курушат. Фото отчёт түзүлдү.

«СПИД кылым дарты» дубал газета түзүлдү.

«Эң мыкты китеп окуучу класс» конкурс, бул конкурста 1-4-класстар арасында кайсыл класс китепканадан көп китеп алып окушса ошол окуган китептин мазмунун айтып беришсе жеңүүчү болот. 3а-4а –класстар көбүрөөк кирип жеңүүчү болушту грамота менен сыйланышты.

12-декабрь «Кыргызстандын улуттук адабият күнү» китеп көргөзмө. Буклеттер жасалды.

Жомок каармандары башталгыч класстар арасында сүрөт тартуу болду. Бул конкурста 3б-класс, 3а-класс, 2-класс, 4б-класстар активдүү катышышты.

23-февраль "Ата-Мекенди коргоо күнү" буклет, дубал газета жасалды.

"21-февраль Эл аралык эне тил күнү" ой жүгүртүү таймашы 5а-класстар арасында окуучулар менен эне тилибиз жөнүндө талкуу таймаш жүргүздүк.

"Эне сүтүн актоо" апалар жөнүндө дил баян жазуу. 3б-класс 12 окуучу, 4а-класс 15 окуучу, 2-класс3 окуучу апаларын мактап көркөмдөп дил баян жазып беришти.

"Салам сага санжыралуу, Ноорузум!" нооруз майрамынын тарыхы жөнүндө маалымат жазып буклет жасалды. "Манас кыргыз рухунун туу чокусу" башталгыч класстар арасында манас айтуу болду.3б-класс Аубакиров Б, Асанкалиев Э. 4а-класс Каныбекова С, 3а-класс Жанболотова М, Дюшенбаева А, Алдабергенова Н манас айтышып, бул окуучуларга граммота берилди.

23-апрель Бүткүл дүйнөлүк китеп күнүнө карата жумалык уюштурулуп иш план түзүлүп класс жетекчилерге тапшырмалар берилип аткарылды. Мыкты аткарган класстарга граммота берилди. Баардыгы фото отчёт түзүлүп папкага салынды.

9-май Улуу Жеңиш майрамына стенд, буклет жасалды. Май айындагы майрамдар жөнүндө маалымат буклет жасалды.

Ар бир экинчи жумада китеп тазалыгы боюнча рейд жүргүзүлүп турат. Рейд учурунда китептери сырттalбаган тытык окучуларды класс жетекчилерине эскертүү берилип турат.

Китептерди 6-7-8-июньда класс жетекчилер менен таза чаптатып өткөрүп алдым.

**Алсыз жагы:**

Китепкана муздак. Окуучуларга китептер жетишсиз. Жалпы-86%болду. Муздак болгондуктан жашылдандыруу жок, окуу залына окуучулар кирип окуй алышпайт.

**Мүмкүнчүлүктөр:**

Китепкананы ремонт кылып, жаңы банерлерди жасатып койгонго мүмкүнчүлүктөр бар.

**Коркунучтар:**

Аябай көйгөйлүү коркунуч жок.

**Көйгөйлөр:**

1. Китепкана муздак
2. Жардам иретинде келген китептер аз.

3. Жогорку класстын окуучулар китеп окууга кызыгышпайт.

**Максат:**

1. Китепкананы ремонт кылып, банерлерди жаңылап, стелаждарды жаңыртып алуу.
2. Жылуулап, жашылдандыруу гүл өстүрүү.

**Милдеттер:**

1. Китепкананын ичин жаңылоо (банер, сырдоо, актоо)
2. Жылуулап гүл өстүрүү
3. Китепканага спонсорлоду тартуу, китеп менен камсыз кылуу.

**Китепаканачы:Токтосунова Г**

## Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин мугалимдер үчүн жетишпеген методикалык китептердин тизмеси

| Класс ы | Китептин аты | Авторы | издательства | Жылы | Канча керек |
|---|---|---|---|---|---|
| 1-4 | 1-4-класстарда эне тилинен жат жазуу жумуштарын жүргүзүү технологиялары | Рысбаев С | Б.: 2016 | 2016 | 2 |
| 1 | Көркөм өнөр методикалык колдонмо | Акматов Д | Б.:2011 | 2011 | 2 |
| 2-5 | Математика мугалимдер үчүн методикалык колдонмо | Бекбоев И | Б.:Учкун | 2011 | 2 |
| 3 | Көркөм өнөр методикалык колдонмо | Мамбеталиева Ж | Б.: 2014 | 2014 | 2 |
| 1-4 | Дене тарбия методикалык колдонмо | Мамытова А | Б:2011 | 2011 | 4 |
| 1-4 | Математиканы окутуп үйрөтүү | Бекбоев И | Б.: 2006 | 2006 | 4 |
| 7 | Кыргыз тили, адабияты мугалимине жүз кеңеш | Рысбаев С | Б: 2016 | 2016 | 2 |
| | Учебник английского языка кыргызскому обучение | Юсупова А.З | Б:2013 | 2013 | 3 |
| 9-11 | Англист тили боюнча кошумча окуу китеби 9-10-11-класстар үчүн | Сыдыкова Б | Б.:2009 | 2009 | 2 |
| | Орто мектепте Кыргызстан тарыхын окутуунун методикасы | Козубаева Б | Б:Maxprint | 2013 | 2 |
| | Химияны окутуу процессинде педагогикалык технологиянын элементтерин колдонуу | Жакышова Б | Б: Максат | 2012 | 2 |
| | Мектепте информатиканы окутуу | Ибирайым кызы А Мамбетакунов У | Б: 2018 | 2019 | 2 |

Директор школы: Б.Акматов
Китепканачы: Г.Токтосунова

**Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин китепкана фондусуна**

**2020-2021-окуу жылына жетишпеген китептер боюнча**

**табыштама**

| № | Китептин автору | Китептин аталышы | Класс | Жетишпеген китептин саны |
|---|---|---|---|---|
| 1 | И.Б.Бекбоев | Математика | 1 | 40 |
| 2 | С.Рысбаев | Адеп алиппеси | 1 | 40 |
| 3 | Токтобаева Г | Т.Т.К.Н | 1 | 40 |
| 4 | Абдухамидова Б Рысбаев С | Адабий окуу | 2 | 20 |
| 5 | Д.К.Өмүрбаева | Русский язык 1-часть, 2-часть | 2 | 40 |
| 6 | Ысманова Ж В.Мусаева | Адеп | 2 | 30 |
| 7 | Токтобаева Г | Т.Т.К.Н | 2 | 40 |
| 8 | Е.А.Бухова | Мекен таануу | 3 | 20 |
| 9 | Ж.Ысманова | Адеп | 3 | 40 |
| 10 | Токтобаева Г | Т.Т.К.Н | 3 | 40 |
| 11 | Абдухамидова Б | Адабий окуу | 3 | 20 |
| 12 | М.Касей | Музыка | 3 | 30 |
| 13 | Д.Акматов | Көркөм өнөр | 3 | 25 |
| 14 | Ж.Ысманов | Адеп | 4 | 40 |
| 15 | Токтобаева Г | Т.Т.К.Н | 4 | 40 |
| 16 | Э.М.Мамбетакунова | Физика | 7 | 45 |
| 17 | Усөналиев С | Кыргыз тили | 7 | 35 |
| 18 | Алымов А | Кыргыз адабият | 7 | 40 |
| 19 | Тагаев М | Русский язык | 7 | 35 |
| 20 | Ибраев Н | Алгебра | 7 | 30 |
| 21 | Кадыркулов А | География | 7 | 30 |
| 22 | А.Байзакова | Алгебра | 8 | 20 |
| 23 | А.Д.Ботвиненко | Черчения | 8-9 | 40 |
| 24 | Исаков Б | Кыргыз адабият | 8 | 35 |
| 25 | Супрун А | Русский язык | 8-9 | 40 |
| 26 | Карашев Т | Физика | 8 | 35 |
| 27 | Ботвинников А | Черчения | 8-9 | 35 |
| 28 | Э.Мамбетакунва | Физика | 9 | 30 |
| 29 | Иманов А | Кыргыз тили | 9 | 30 |
| 30 | Алымов Б | Кыргыз адабият | 9 | 30 |
| 31 | Супрун А | Русский язык | 8-9 | 30 |
| 32 | Юсупова Т | Англис тили | 9 | 30 |
| 33 | Эсенканов А | Адам жана коом | 9 | 40 |
| 34 | Доолоткелдиев Т | Биология | 9 | 30 |
| 35 | Асаналиев К | Кыргыз адабият | 10 | 30 |
| 36 | Кундузаков А | Русский язык | 10 | 30 |
| 37 | Колмогаров А | Алгебра | 10 | 40 |
| 38 | Койчуманов М | Физика | 10 | 30 |
| 39 | МолдогазиеваС | Химия | 10 | 30 |
| 40 | Мусакожоев Ж | Экономика | 10 | 30 |
| 41 | Осмонов А | Д.тарых | 10 | 30 |
| 42 | Пилон Ж | Жаран таануу 1-б | 10 | 30 |
| 43 | И.П.Задорожная | Орус тил | 11 | 30 |
| 44 | Элебесов А | Д.тарых | 11 | 30 |
| 45 | Айылчиева А | Геометрия | 10-11 | 30 |
| 46 | Токтосунова А | Биология | 11 | 30 |
| 47 | Кудайбергенов Т | Химия | 11 | 30 |
| | | **Баардыгы:** | | **1545** |

**Мектеп директор:** **Б.Акматов**

**Китепканачы:** **Г.Токтосунова**

# Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектеби

Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин китепканасында 12-декабрь «Кыргызстандын улуттук адабият күнү» белгиленди. Бул күнү китепканада атайын бурч уюштурулду, айылдык китепканага окуучуларды тааныштыруу максатында саякат жасалды. Айылдык китепканадан окуучулар улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун китептери жана өмүр баяны менен таанышып чыгышты.

Китепканачы эжей менен эстеликке сүрөткө түшүштү. Ушул сүрөттүн негизинде районго слайд жасалып жиберилди.



Карысы БАРДЫН ЫРЫСЫ
REDMI NOTE 9
AI QUAD CAMERA


Карысы бардын ырысы бар!
улуттун аспабы
Мойт аке
REDMI NOTE 9
AI QUAD CAMERA

Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектеби

# Тегерек стол

# Тема: «Улуу залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовго 90 жыл»



КИТЕПКАНАЧЫ: ТОКТОСУНОВА ГҮЛШАН

**Тегерек столдун стенограммасы: «Улуу залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовго 90 жыл»**

Фенки: 18.01.18

**Катышуучулар:**
Токтосунова Гулшан М.Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин китепканачысы.
10-класстын окуучулары.

**Максаты:**
**Окуучулар улуу залкар жазуучу Чынгыз Айтматовдун өмүр баяны, чыгармалары менен таанышышат. Улуу жазуучу Кыргыз элине кандай зор эмгек жасагандыгын, бул жер жүзүндө «Кыргыз» деген эл бар экенин тааныткан. Дегеле улуу жазуучу тууралуу кенен маалымат алышат.**

**Токтосунова Гулшан китепканачы:**
Чыңгыз Төрөкулович Айтматов 1928-жылы 12-декабрда азыркы Кыргыз Республикасынын Талас облусунун Кара-Буура районундагы Шекер айылында мамлекеттик кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган.
Чыңгыз Айтматов кылымдардын тогошкон азыркы доордун чыгармалары эң көп окулган жазуучуларынын бири. Анын китептери 170тен ашык тилге которулуп, 60 миллиондон ашык нуска менен басылган. Алар коомдо билим берүү, тарбиялоо процессинин ажыралгыс бөлүгүнө айланып, дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө мектептердин жана университеттердин программасына кирген. Анын чыгармаларында улуттук колорит, азыркы учурдун актуалдуу маселелери, адамдын руханий жана адептик маңызы, акыйкаттыкты эңсөө жана адилеттикти орнотууга чечкиндүүлүк, адамда абийирди, кайратмандыкты, адамкерчиликтүүлүктү ойготууга умтулуу өзгөчө байкалат.

**Токтосунова Гулшан китепканачы;**

**Окуучуларга суроо: Чыныгыз Айтматовдун канча жылдыгы белгиленип жатат жана бул инсан ким болгон?**

**Абдаразакова Элнара 10-класстын окуучусу**:
Чынгыз Айтматовдун быйыл 90 жылдык маарекеси белгиленип жатат. Чынгыз Айтматов кыргыз элинин улуу залкар жазуучусу болгон. Анын көптөгөн чыгармалары бар. Чынгыз Айтматовдун чыгармалары: «Кызыл жоолук жалжалым», «Кызыл алма», «Жамийла», «Кылым карытар бир күн» жана да көптөгөн чыгармалары бар. Бул инсандын чыгармаларын кыргыз эли эле эмес бүтүндөй жер жүзүндө билишет.

**Суроо:**
**Чынгыз Айтматовдун кайсыл чыгармалары кино болуп тартылган?**

**Бекбосунова Бермет 10-класстын окуучусу:**
Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын дээрлик көпчүлүгү кино болуп тартылган, алар- «Кызыл алма», «Кызыл жоолук жалжалым», «Биринчи мугалим» «Акбаранын көз жашы» жана башкалар. Азыркы заманга ылайык Түрк элинин тарткан киносу «Кызыл жоолук жалжалым» киносу болуп жатат. Бул чыгарманы түрк эли көркөмдөп, кошуп тартып коюшкан.

**Суроо:**
**Жазуучунун чыграмалырында көбүнчө кайсыл жанр чагылдырылган?**

**Эркинбек уулу Жолдош 10-класстын окуучусу:**
Жазуучу чыгармаларында көбунчө сүйүүнү чагылдырган.
Мисалы: «Кызыл жоолук жалжалым» чыгармасында Асель менен Илияздын чоң сүйүүсү кенен чагылдырылган.
Жазуучу чыгармаларында сүйүүгө көп кайрылган.

**Токтосунова Гулшан китепканачы:**
**Жыйынтык сөз:**
Өзүнүн залкар уулунун дүйнөлүк адабиятты, көркөм өнөрдү жана маданиятты өнүктүрүү ишиндеги сиңирген эмгегине мекенинин урмат көрсөтүшү катары Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен 2018-жыл Чыңгыз Айтматовдун Жылы деп жарыяланган, бул белгилүү маарекени татыктуу майрамдоо боюнча иш-чаралар белгиленген.
Кыргызстандын залкар уулу Чыңгыз Төрөкулович Айтматов жөнүндөгү жаркын элес кыргыз элинин эсинде түбөлүк сакталат жана анын чыгармачылык мурасы дүйнө элдеринин жалпы адамзаттык маданиятына баа жеткис салым болот.
Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары боюнча жаралган кинофильмдер жана спектаклдер коп улуттуу кинематографиянын жана театрдын тарыхында озунчо бир жаркын барак болгон: «Жамийла», «Биринчи мугалим», «Саманчынын жолу», «Фудзиямадагы кадыр тун», «Кылым карытар бир кун», «Кыямат» - Стамбулдун, Софиянын, Улан-Батордун, Варшаванын, Бухаресттин, Праганын, Лондондун, Токионун, Москванын, Санкт-Петербургдун, Бишкектин жана дуйнонун башка коп олколорундо корсотулуп, сахналарында коюлуп келе жатат.





**Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектеби**

**Билдирүү**

Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин китепканасында апрель айында китептерди оңдоп чаптоо болду. 8-класстын окуучулары китепканадан айрык китептерди чаптап оңдоп беришти.

Биздин китепканада көбүнчөсү эски китептер болгондугуна байланыштуу чаптап оңдогонго жарабай калган. Бул китептер акырындык менен жаңы китептер менен толукталып турат.

Эскилери киетпкана фондусунан чыгарылып салынат.

**Билдирүү жазган: Токтосунова Г**






Билим – кенч, эмгек
анын ачкычы


Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектеби

# Доклад

## Нооруз

## «Ушул марттын айында, Нооруз келди мектепке»




**КИТЕПКАНАЧЫ: ТОКТОСУНОВА ГҮЛШАН**

# Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектеби

## маалымат

Марат Темиров атындагы жалпы оро билим берүү мектебинде окуучуларды айылдык китепканага саякат деп китепкана менен тааныштыруу максатында алып барып келдик.

Айылдык китепканачы Нуржан эжейибиз менен бирдикте ар турдуу китептер менен таанышып чыктык.

Улуу жазуучу Ч.Айтматовдун бурчу китептери менен. «Манас» эпосу боюнча тузулгон бурчу, Разия Токтомамбетова энебиздин аты китепканага коюлгандыктан озунун атайын бурчу бар ошол бурч менен да таанышып чыктык.

Окуулуарга айылдык китепкана жакты деп ойлойм.

Мектептин китепканасы менен айылдык китепкана тыгыз байланышта болуп иштеп келебиз.

Китепканачы: Токтосунова Г


АДАМЗАТТЫН ЖАН АЗЫГЫ-КИТЕП!
ЦИКЛОПЕДИЯ
СТЕНИЯ


2021/12/9 15:32

**Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектеби**

**Маалымат**

Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылына карата 23-апрель бүткүл Дүйнөлүк китеп күнү атайын түзүлгөн иш пландын негизинде өткөрүлдү.

«Менин сүйүктүү адабий каарманым» сүрөт тартуу боюнча 2-класстан 6-класска чейин тапшырма берилген. Сүрөттү бул класстардан көп окуучулар тартып келишкен. Мисалы- 4а-класс класс жетекчиси Ногойбаева Бактыгүл эжей окуучуларына «Алтын балык» жомогун ар бирине бирден көз ирмемин тартырган. Бул сүрөттөрдү бириктиргенде жомок келип чыккан. «Чамгыр» жомогун да ушундай кылып тартырган.

Бул берилген тапшырма боюнча ар бир класс так аткарышкан. Бүт окуучулар өздөрү окуган жомокторунан каармандарды тартып келишкен. 6а-класс Дүйшөнкулов Арсен «Биринчи мугалим» чыгармасындагы Дүйшөндүн балдарды окуткан мектебин тарткан.2б-класстан Алдабергенов Мухаммад «Түлкү менен сүлөөсүн» жомогун тарткан, 3а-класстан Касенова Диана сулуу кыздын сүрөтүн тартып келген. Негизинен сүрөт тартуу окуучуларга абдан жагаары тарткан сүрөттөрүнөн байкалып турат.

**Китепканачы: Токтосунова Г**


бугаска



Асанбеков
Ырыскелди
3-б класс

# АЛЫКУЛ ОСМОНОВГО 100 ЖЫЛ

## Мен сүйгөн акын

